**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ**

**САДЫР АКЕ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

---

**Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышындагы кезексиз 17-сессиясы**

# ТОКТОМ

**2023-жылдын сентябрь айынын 01и №87** **Григорьевка а.**

**Айыл аймактарды бириктирүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы «Кыргыз Республикасынын административдик–аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө» №350 Жарлыгы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 Жарлыгы менен бекитилген «2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасынын» 4.4-бөлүмүн ишке ашыруу максатында, Ысык-Көл раойндук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 08-августундагы №226-т тескемесин аткаруу максатында жана Садыр аке айылдык кенешинин 2023-жылдын 01-сентябрындагы №17 протоколунун негизинде **токтом кылат:**

**1.**Айыл аймактарды бириктирүүдө Семеновка айыл өкмөтү (Семеновка.Кожояр айылдары), Садыр аке айыл өкмөтү (Григорьевка, Григорьевка-Пристань айылдары), Темир айыл өкмөтү (Темир, Кашат айылы) бир айыл аймак болуусуна макулдук берилсин.

**2.** Аталган айыл өкмөттөрдү бириктирүү жагы Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынын акими Ж.Т.Ормоновдон суралсын.

3. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин депутаттарына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. Чичканбаев**